# Протокол №1

Кара-Балта шаарындагы №2 Улуу Жеңиштин 60 жылдыгы атындагы орто мектебинин мамлекеттик тил сабагынан усулдук бирикмесинин өткөргөн жыйынынын протоколу

29.08.2022-2023-окуу жылы

Бардыгы-10

Катышаны-10

Күн тартибинде каралуучу маселе

1.Календардык планды бекитүү

2.Мамлекеттик тилдин 1 айлык иш мерчемин бекитүү

Угулду:

1.Усулдук Бирикменин жетекчиси Альчикеева Б.Т календардык планды кандай түзүү боюнча сунушун айтты.

Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр:

1)Мукашева Н.А башталгыч класстарды жаңы стандарт боюнча календарлык планды түзүшкөнүн айтты.

2) Исмаилова А.М 5-6-класстар дагы жаңы стандарт боюнча , окуу китеби дал келип, окуучулар дагы кыйналбай калышканын, ошол боюнча календардык план түзүшкөнүн баса белгиледи.

3) Жанышбаева А.Т, Белекбаева Г.К 7-8-9-10-11- класстарда жаңы стандарт боюнча түзсөк,окуу китептерине дал келбей кыйынчылык жаратканын айтты.

4) Кулманбетова Н.А жаңы стандарты колдонуп, окуу китептерине дал келтирип түзөлүк деген сунушун айтты. Баары колдоп,окуу китептери менен дал келтирип түзө турган болушту.

**2-маселе** У Бнин жетекчиси Альчикеева Б.Т 2021-2022-окуу жылындагы жүргүзүлгөн иш-чараларга анализ берди.
2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш мерчеми менен тааныштырды .Мамлекеттик тилдин 1 айлыгын өткөрүүнүн иш

мерчеми менен тааныштырып, аны менен иш алып барууну ар бир мугалимге жүктөлдү.

Жогорудагы сунуш-пикирлерди угуу менен төмөнкүдөй токтом кылынды.

Токтом

1. Календардык план түзүлүп, бекитилсин.
2. Мамлекеттик тилдин жылдык, 1 айлык иш мерчемдери бекитилсин.
3. Иш мерчемдер боюнча түзүлгөн иш- чаралар өткөрүлсүн.

У Бнин жетекчиси Альчикеева Б.Т